УДК 0:70

Азизбек уулу Бакыт
*Э.Арабаев ат. КМУ Лингвистика институту*

# РЕКЛАМАНЫН ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ

*Макалада рекламанын пайда болуусу, байыркы доорлордон берки тарыхы жана көрүнүштөрү тууралуу сөз болот.*

Бүгүнкү күндөлүк жана коомдук турмушубуздагы эң кеңири тараган көрүнүштөрдүн бири болуп реклама эсептелет. Ал бизди жана биздин турмушубузду бардык жерде: көчөлөрдө, транспортто, дүкөндөр менен базарларда, эс алуу жайларында, телекөрсөтүүдө, радиоуктурууларда ж.б. коштоп жүрөт. А түгүл, билим берүү мекемелерине, ишкана-уюмдарга чейин реклама сүңгүп кирип кеткен. Реклама жашоо-турмушубузга ушунчалык терең сиңгендиктен, ансыз тирчилигибиздин эч бир чөйрөсүн элестетүүгө мүмкүн эмес.

Реклама дегенде биз рекламалык такталардагы, бонерлердеги, соода түйүндөрү менен кызмат көрсөтүү же эс алуу жайларынын имараттарындагы, эшик-терезелериндеги вербалдык-визуалдык, радиодогу аудио-вербалдык, телекөрсөтүүдөгү аудио-видео-вербалдык маалыматтарды, жүгүртүлүүчү саптарды, газета-журнал беттериндеги рекламалык тексттерди элестетебиз. Бул көрүнүш ушул түрдөгү түспөлдөрүндө жакынкы мезгилдерде эле пайда болгон сыяктуу сезилет. Бирок андай эмес, рекламанын тарыхы абдан узак мезгилди камтыйт.

Биздин күндөргө жеткен тарыхый жазма эстеликтердин маалыматтарына караганда, Байыркы Римде эле үйлөрдүн, имараттардын дубалдарына гладиаторлордун мелдештери тууралуу кулактандыруулар жазылып, байыркы финикиялыктар өз товарларын аскалардын беттерине мактап сүрөткө тартышкан экен. Ал эми Жер Ортолук деңизинин бассейниндеги өлкөлөрдүн аймактарынан табылган тактачаларда коммерциялык мүнөздөгү сунуштар түшүрүлгөн. Байыркы египеттиктердин алгачкы жазуулары да предмет, буюмдардын сырткы түспөлү менен байланыштуу пайда болгон. Иероглифтик жазуулар белгилүү бир алкактын чегинде болуп, эл андай жазууну оңой түшүнүүсү керек болгон. Египеттиктер үйлөрүнүн дубалдары менен эшиктеринин бош жерин калтырбай, иероглифтерди жазып коюшкан. Ал сүрөт-жазууларда ошол үйдүн кожоюнун же башкаларды кызыктыра турган буюмдар ж.б. нерселер тууралуу маалыматтар камтылган.

Ошондой эле аскердик төш белгилер менен туу-желектер египеттик жоокерлердин милдеттүү буюмдары болуп саналып, айрым аскердик аймактар менен бөлүктөрдүн атайын белгилери жана штандарттары болгон. Алардын бардыгы бирдей эмблемалык мүнөзгө ээ болуп, бийик таякка бекитилген эмблемалык фигуралардан жана түркүн түстөгү ленталардан турган. Аскердик арабалар да, аскердик кемелер да аллегориялык сүрөттөр менен коодолгон. Аскер бөлүктөрүнүн өзүнчө сигналдык музыкалары болуп, алар барабандар менен тарелкалардын жардамы аркасында аткарылган. Мына ушул көрүнүштөрдүн бардыгын рекламанын эң алгачкы туундулары катары эсептөөгө болот.

Биздин эрага чейинки YII кылымда иератикалык, башкача айтканда, сүрөт-жазуулар демотикалык, тактап айтканда тамгалык жазуулар менен алмашкан. Демотикалык жазуулар папирустарга түшүрүлгөн. Мындай жазууларда эркектерди белгилөө жана алар тууралуу маалыматтар кочкул-кызыл түс менен, аялдар жана алар тууралуу маалыматтар агыш-саргыч түстөр менен жазылган. Эң байыркы рекламалык текст деп байыркы египет

шаары Мемфистин урандыларын казууда табылган кулактандырууну эсептөөгө болот. Анда төмөнкүдөй маалымат болгон: «Мен, Рино, Крит аралынанмын, кудайлардын эрки менен түштөрдү жоруйм».

Тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой, байыркы шаарларда маалыматтарды таркатуучулар болуп жарчылар эсептелген. Жарчылар элди маанилүү окуялар жана иш-чаралар тууралуу кабардар кылып турушкан. Ошондой эле жарчылар элди тигил же бул товарды сатып алууга, тигил же бул кызматтан пайдаланууга да чакырышкан. Мында жарчылар түрдүү маскаларды пайдаланышкан. Атактуу грек трагик акыны Эсхилдин заманында маскалар грим менен алмашкан. Жарчылар маалымдалып жаткан кабардын түрүнө, мазмунуна жараша масканы же гримди алмаштырып турушкан. Байыркы Грецияда жарчылар афиналыктарга багытталган рекламалык мүнөздөгү ырлар менен көчө кыдырып жүрүшкөн. Маселен, төмөнкүдөй рекламалык мүнөздөгү ырдын текст сакталып калган: «Көздөрү жалжылдап, беттери алоолонуп турсун үчүн, кыз кезиндеги сулуулугу көпкө сакталсын десе, акыл-эстүү айымдар Экслиптостон кымбат эмес баада косметика сатып алат».

Антика маданияты рекламалык ишмердиктин өнүгүшүнүн үлгүсү болуп саналат. Бул жагынан алганда, рекламанын пайда болушу жана калыптанышы китеп басып чыгаруудан алда канча мурда башталган деген пикирлерге кошулбай коюуга болбойт. Байыркы рекламалык практиканы Помпейдин дубалдарындагы жазуулар да ырастайт. Аларда белгилүү бир саясий ишмерди жактоого чакырыктар орун алган. Мисалы, «Кимде-ким Квинтийден баш тартса, ал эшектин жанына отурат» деген сыяктуу саясий рекламалар болгон. Байыркы римдиктердин сүйүктүү эс алуу жайы болгон антикалык мончолор же термалар да көп рекламаланган экен.

Мындан сырткары, байыркы дүйнөнүн кол өнөрчүлөрү өздөрү жасап-даярдаган буюмдарга атайын белгилерди коюшкан. Муну менен алар, бир жагынан, өздөрүнүн репутациясы тууралуу кам көрүшсө, экинчи жагынан, жасаган буюмун рекламалашкан.

Азыркы Индиянын аймагынан Харапп цивилизациясы доорундагы буюмдар менен катар чопо буюмдарына, коло бычактарга, пилдин сөөгүнөн жасалган буюмдарга, жез пластинкаларына, мөөрлөргө түшүрүлгөн жазуулар да табылган. Мөөрлөрдүн, пластинкалардын айрымдарында көзөнөкчөлөр болгон. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, алар товарларга, буюмдарга бекитилген жазуу, белги, этикетка катары кызмат кылган. Мындай символдор да байыркы рекламанын үлгүлөрү болуп саналат.

Байыркы Руста ар бир карапачынын өзүнүн белгиси болгон. Мындай белгиде кол өнөрчү жөнүндөгү маалымат, ошондой эле буюмду келечекте сатып ала турган кардарга каалоо-тилек мүнөзүндөгү маалымат камтылган.

Рекламанын алгачкы үлгүлөрүнүн бири катары саналган белгилер аркылуу кардарлар буюмдун кайдан, тактап айтканда, кимдин колунан жасалгандыгы жана кайсы бир деңгээлде сапаты тууралуу кабар ала алышкан.

Кийинчерээк пайда болуп, колдонула баштаган алтын, күмүш, жез тыйындар (моneталар) да реклама каражаты катары кызмат аткарышкан. Алар акчалык милдет гана аткарбастан, салтанаттуу иш-чараларга, тойлорго, диний иш-чараларга катышууга укук берүүчү «билет» катары репрезентативдик милдет да аткарышкан. Мындай тыйындар, белги-тамгалар, үй-тиричилик буюмдарына, малга салынган эн-белгилер, татуировкалар көрсөтмөлүү, прагматикалык маалыматтын уюткусу болуп саналган. Алардан адресат да, адресант да өзүнө тиешелүү же өзүнө багытталган маалыматты окуп, түшүнө алышкан.

Айрым африка уруулары болсо кандайдыр бир буюм, товар, окуя же бейтааныш адам (көбүнчө европалык ак адам) тууралуу маалыматты бири-бирине ырдап

жеткиришкен. Рекламалык мүнөздөгү ырда эч нерсе, эч бир деталь көңүл сыртында калган эмес. Мындай ырлардын негизинде буюм, окуя же адам тууралуу жакшы же жаман пикир жаралган. Ошондуктан байыркы африкалык ырчылар коомдук пикирдин органы катары кызмат кылышып, бүгүнкү гезит-журналдарды, теле-радиону алмаштырышкан.

Ар түрдүү элдерде, урууларда ар кыл белгилердин жардамы менен өзүн, социалдык абалын рекламалоо орун алган. Мисалы, Фиджи аралдарында турмушка чыга элек кыздар кулагынын артына кыстарып узун чач менен жүрүшкөн. Бул алардын башы бош экенинен кабар берип, потенциалдуу күйөөлөргө реклама катары кызмат кылган. Үйдөнүү тоюнда андай узун чачы кесилип салынган да, аялдын жаңы социалдык статусунан кабар берген. Жаңы Гвинеяда күйөөсү бар аялдар иттин тиштерин сөйкө катары кулагына тагып жүрүшсө, бай, дөөлөттүү, оокаттуу деп саналган эркектер камандын азуусун мойнуна тагынып, муну менен өздөрүнүн социалдык абалын жана байлыгын рекламалашкан. Айрым индия урууларынын аялдары уруу башчысы каза болгондо, беттерин кара түскө боешкон. Бул болсо ошол шартка, кырдаалга (аза күтүү, траур) жараша иш-аракеттерди жасоого, бир жагынан, белги, бир жагынан, көмөк катары кызмат аткарган. Индустарда тигил же бул кастага тиешелүү экенине жараша чекесине белгилерди коюу практикасы байыркы мезгилдерден бүгүнкү күндөргө чейин эле келе жатат. Же болбосо XVIII кылымга чейин күйөөсү бар япон аялдары гана каштарын боёшкон.

Филиппин аралдарында жашаган лей уруусунун өкүлдөрү денесине салынган татуировкалар аркылуу уруусу, үй-бүлөсү тууралуу маалымат билдиришсе, Түштүк деңиздеги аралдардын жашоочуларында татуировка бай, белгилүү адамдардын белгиси болуп саналган.

Жогоруда айтылгандар боюнча алганда, биздин ата-бабаларыбыздын турмушунда деле байыркы рекламанын же проторекламанын көрүнүштөрү, элементтери болгон деп айтууга болот. Маселен, аска-таш бетине түшүрүлгөн сүрөттөр, жазуулар, балким, өзүндө рекламалык моментти камтыйт. Ата-бабаларыбыздын кийим-кечектери, урунган буюм-тайымдары, буюм-кечекке, малга салынган эн-белгилери, уруу тамгаларында да, сөзсүз түрдө, кандайдыр бир коммуникативдик, рекламалык маалымат камтылган жана катылган. Жөнөкөй эле мисал: үкүлүү топу же тебетей жана элечек кыргыз аялзатынын социалдык статусунан кабар берген ж.б.

Аш-тойлордогу жар чакырган жарчылар, акындар, чечендер да рекламалык мүнөздөгү маалыматтарды таркатуучулар болуп саналышкан. Алар кандайдыр бир окуя, иш-чара же адам тууралуу зарыл маалыматты камтыган, көркөм формага түшүрүлгөн кабарды элге жайылтышкан. Демек, кыргыздарда өткөн доордо жазуу-сызуу болгон эмес дегенибиз менен, реклама башкача формаларда жашап келген экен.

Албетте, реклама ишмердигинин тарыхы, эволюциясы, өнүгүү өзгөчөлүктөрү тууралуу көп маалыматтарда, эмгектерде айтылып жүрөт. Бирок кыргыздардагы реклама иши, анын өнүгүү тарыхы боюнча изилдөөлөр жаңыдан гана колго алына баштады жана келечекте бир топ кызыктуу изилдөөлөр бар деп айтууга болот.

**Адабияттар:**


1. Ромат Е.В. Реклама. История. Теория. Практика. –М.-Спб, 2003.
2. Сэндидж Ч., Фрайбургер В. Реклама: теория и практика. –М.: Прогресс, 1989.

Хромов Л.Н. Рекламная деятельность: искусство, теория, практика. – Петрозаводск: Фолизм, 1984.